КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ТАМГА АЙЫЛ КЕНЕШИ
XXVIII-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
XVII- СЕССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

ТАМГИНСКОГО АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
XVII СЕССИЯ XXVIII

# ТОКТОМ

**2023-жылдын 14 - апрелиндеги № 16 Тамга айылы**

**Исмаилов Бокоштун ысымын**
**көчөгө ыйгаруу жөнүндө**

Тосор айылынын тургуну Кылканов Канат Бокошовичтин кайрылуусун эске алып, айылдык кеңешинин депутаттары карап жана талкуулап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин XXVII-чакырылышынын кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Тамга айыл аймагынын Тосор айылын өнүктүрүүдө, айылга киреше тартууда чоң салымын кошкондугун эске алуу менен Тосор айылынын жашоочусу, маркум Исмаилов Бокоштун наамы Тамга айыл аймагынын Тосор айылындагы Кашат участкасынын тескей тарабында жайгашкан көчөсүнө ыйгарылсын.

2. Көчөгө маркумдун атын жазып, үйлөргө номерлерди илүү, көчөнүн тазалыгын, ирээттүүлүгүн, жарыктандыруусун көзөмөлгө алуу жагы маркумдун уулу Кылканов Канат Бокошевичке милдеттендирилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

4. Токтомдун аткарылышын камсыздоону айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго жүктөлсүн, көзөмөлдөө жагы социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Букаров**

Жиберилди: иш кагаздарга-1. Тамга а/ө -1. Юстиция башкармалыгына - 2